## 3-секция. Педагогика жана психология

***Шерматова И.К.** – НМУ*

# *Студенттердин психологиялык түшүнүктөрүн калыптандыруунун теориядагы жана практикадагы абалы*

Илимий түшүнүктөрдү калыптандыруу методикасынын маселелерине дидакттар М.Н.Верзилин, Н.В.Гиттис, С.И.Иванов, М.Н.Скаткин, А.В.Усова, С.Г.Шаповаленко жана башкалар чоң көңүл бурушкан. Алар түшүнүктөрдүн пайда болуу жана өнүгүүсүнүн айрым өзгөчөлүктөрүн айкындоого аракет кылышкан да, буга ылайык түшүнүктөрдү өздөштүрүүнүн негизги этаптарын аныкташкан. Алардын изилдөөлөрүнүн натыйжаларын жалпылап, татаал илимий түшүнүктөрдүн калыптануу этаптары төмөнкү иерархиялык структурага ээ болууга тийиштигин белгилөөгө болот:

1. Фактыларды талдоо, берилген жыйындынын жалпы белгилерин айкындоо максатында типтүү Обьектилерди ажырымдоо жана салыштыруу.
2. Мааңыздуу белгилерди тандоо, аларды маңыздуу эмес белгилерден ажырымдоо.
3. Түшүнүктүн мааңыздуу белгилерин аныктамага синтездөө.
4. Түшүнүктүн мааңыздуу белгилерин эсте тактоо жана бекемдөө.
5. Кайсыдыр-бир белгилери боюнча окшош түшүнүктөрдү дифференциялоо.
6. Берилген түшүнүктүн башка түшүнүктөр менен байланыштарын аныктоо.
7. Калыптандырылган түшүнүктү бир предметтин алкагындагы тапшырмаларды чечүүдө колдонуу.
8. Түшүнүктөрдү классификациялоо, түшүнүктүн тиешелүү классификациядагы ордун аныктоо.
9. Жаңы түшүнүктү өздөштүрүүдө мурда өздөштүрүлгөн түшүнүккө таянуу.
10. Берилген түшүнүктүн башка дисциплиналардын түшүнүктөрү менен жаңы байланыштарын аныктоо.
11. Түшүнүктү предметтер аралык мүнөздөгү тапшырмаларды чечүүдө колдонуу.

Акыркы жылдары өткөрүлгөн изилдөөлөр сыпатталган этаптардан бирин жокко чыгаруу студенттердин түшүнүктөрдү өздөштүрүүсүндө белгилүү бир кемчиликтерге апкелерин, аларда ар кыл милдеттерди, баарынан мурда чыгармачылык мүнөздөгү милдеттерди чечүүдө түшүнүктү колдонууда белгилүү бир оорчулуктарды жаратарын көрсөттү.

Студенттер түшүнүктөрдү аң-сезимдүү өздөштүрүшсүн үчүн аларга конкреттүү процесстер менен ишмердүүлүктөргө байкоо жүргүзүүгө, аларды салыштырууга, окшоштуктары менен айырмачылыктарын табууга, жалпы маңыздуу белгини ажыратууга, экинчи даражадагыны чыгарып салууга мүмкүндүк берүү керек. Мунун баары, албетте, окутуучунун жетекчилиги жана көмөгү менен жасалууга тийиш. Бул жетекчилик студенттердин алдына көңүлдү иликтенип жаткан түшүнүктөр менен психикалык процесстердин маанилүү касиеттерине, байланыштарына багыттоочу удаалаш катардагы суроолорду коюу жолу менен жүзөгө ашырылат. Окутууга илимий түшүнүктөрдү ийгиликтүү өздөштүрүүгө көмөктөшүүчү таанып-билүүчүлүк жана практикалык милдеттерди чечүүнү киргизүү зарылдыгы окутуу практикасы жана атайын изилдөөлөр менен көп ирет бекемделген [4]. Бирок эксперименттик топтордогу студенттердин ишине байкоо жүргүзүү, [4;6;3;2] билимдеринин деңгээли ар түрдүү болгон студенттер үчүн түшүнүктөрдү толук өздөштүрүүнү камсыздоо үчүн көнүгүүлөрдүн системасы керектигин көрсөттү. Мындан студенттердин ар башка топторуна түшүнүктөрдү толук өздөштүрүү,

ошондой эле студенттердин индивидуалдык өзгөчөлүктөрүнө жараша ар бир студент түшүнүктөрдү ийгиликтүү өздөштүрүүсү максатында көнүгүүлөрдү вариациялоонун ыкмаларын айкындоо үчүн зарыл болгон көнүгүүлөрдүн санын тактоо жаатында атайын изилдөөлөрдү жүргүзүү зарылдыгы келип чыгат.

Жогорку окуу жайында билим берүүнүн абалын жана студенттердин билимдеринин сапатын талдоо иши психологиялык түшүнүктөрдүн калыптанышы жана өнүгүшү талапка жооп бербегендигин айкындады. Программалар менен окуу китептерин талдоодо дагы бул маселеге анча көңүл бөлүнбөгөндүгү байкалды.

Педагогдордун психологиялык маданиятын жогорулатуу, анын зарылдыгы улам барган сайын айкын болууда, бул маселенин чечилиши педагогиклык жогорку окуу жайында психология курсунун мазмунун өркүндөтүү менен маанилүү өлчөмдө байланышкан.

Психологияны окутуунун мазмуну көптөгөн атайын окуу китептеринде чагылтылган. Бирок ар башка жылдардагы жана ар кыл арналыштардагы окуу китептерин салыштыруу алардын түзүлүшү маанилүү айырмаланбасын жана көп учурда салт менен шартталганын байкатат. Ушуну көрсөтүп, В.А. Ганзен системалаштыруу маселеси бир дагы окуу китебинде талкууланбаганын жазат [1]. Студент-педагогго даректелген азыркы окуу китептеринин мазмуну 40 жылдай мурун басылган К.Н.Корниловдун орто мектеп үчүн окуу китебинин мазмунунан аз эле айырмаланышат .

Албетте, илимдин эң эле интенсивдүү өнүгүүсү менен белгиленген өткөн жылдарда окуу китептерине жаңы билимдер киргизилген. Бирок мазмундук деңгээлде алар ошол эле негизги стандарттуу блоктордон турушат. Алсак, акыркы жылдардагы окуу китептеринде инсандын жалпы психологиялык проблематикасына арналган эң жаңыртылган жана курамы эң эле ар түркүн болгон бөлүмдө, инсан, иш-аракет тууралуу главалар, социалдык-психологиялык пландагы главалар: жамаат, баарлашуу, инсан аралык мамилелер тууралуу главалар, ошондой эле көңүл буруу жана кеп тууралуу главалар берилген.

Психология боюнча айрым окуу китептеринде иш-аракет боюнча өзүнчү бөлүмдөр пайда болду. Бирок, азыркыга чейин «иш - аракетти психологиялык талдоо проблемасы өзүнчө, психологиянын башка проблемалары менен, мисалы, баарлашууну психологиялык талдоо проблемасы менен, бир катарда турган көйгөй катары каралууда». Алсак, А.В.Петровскийдин редакциясы менен жарык көргөн жалпы психология окуу китебинде иш-аракет  жөнүндө глава менен катар баарлашуу тууралуу глава кетет.

Жалпысынан окуу китептери түркүн деңгээлдеги психологиялык түшүнүктөрдү камтышат: инсан, ишмердүүлүк, баарлашуу, көңүл буруу, кеп, туюу, кабыл алуу, эс, ой жүгүртүү, кыялдануу, сезимдер, эрк, темперамент, мүнөз, жөндөмдүүлүктөр. Көпчүлүк окуу китептеринде, өзгөчө кийинки жылдардагы, материалды баяндоо тартибинин өзү атайын каралбайт жана далилдерди талап кылбоочу катары чыгат. Бөлүмдөр менен главалардын ортосундагы логикалык байланыштар жок эсе же көбүнчө формалдуу мүнөзгө ээ болушат. Жогоруда эскерилген А.В.Петровский редакциялаган, материалы боюнча эң кеңири заманбап окуу китебинде да курстун жалпы түзүлүшүн аргументациялоо чеги жарды: китептин негизги бөлүктөрүн санап берүү менен катар курстун түшүнүктөрүн психикалык процесстерге, психикалык абалдарга жана психикалык касиеттерге, окуу китебинин түзүлүшүндө көрсөтүлбөгөн инсандын өзгөчөлүктөрүнө бөлүштүрүү берилген.

Ушундай классификация окуу китептеринин жалпы ойлонулуш деңгээлинде гана эмес, салттуу параграфтарды камтышкан өзүнчө темаларды ачууда да байкалат: …жөнүндө түшүнүк., …физиологиялык негиздери, …түрлөрү, …типтери, …касиеттери., …түзүлүшү, …өнүгүшү. Ал же бул окуу китебинде кайсы бир маселелер кошумчаланса,

башкалары алынып салынса, бул иш жүзүндө талдоо логикасына эч коошпойт.

Көп жылдардан бери психология окуу китептеринин авторлору курсту түзүмдөөгө жасаган күч-аракет аны кийинкинин мурунку менен зарыл байланышын болжогон, эркин орун алмаштырууларга жол бербеген логиканын мыйзамдары боюнча курууга апкелбегенин моюнга алуу гана калат.

Болочок педагогдун көңүлүнүн борборунда жашоосунун жана ишмердүүлүгүнүн процесстери менен бүтүндүккө ээ инсан турууга тийиш экенине карабай, ал психологияны окуп-үйрөнүүнүн жүрүшүндө өз-өзүнчө психикалык функциялар менен иш алпарат, аларды өз ара байланышкан, байланышпаганына карабай классификациялайт. Окуучулар өзүнчө предметтерди өздөштүрүп жатып, сөз түркүмдөрүн жана сүйлөм мүчөлөрүн, жаныбарлар менен өсүмдүктөрдү ж.б.у.с. системалаштырышкан өңдүү студент-педагог психикалык кубулуштарды «текчелерге коюп чыгат». Педагогикалык жогорку окуу жайдын студенттери үчүн жазылган психология окуу китептеринде инсан алигиче түзүүчүлөргө «бөлүнбөгөн» жана ошентип эле бир бүтүндүккө чогултулбаган.

Психологияны окутууда калыптанган абалдын иллюстрациясын А.И. Луньковдун [5] психология курсунун ал же бул темалары студенттер жана психология мугалимдери үчүн канчалык кызыктуу экенин жана ушул эле темаларды алар педагогикалык иш үчүн практикалык маанилүүлүгү боюнча кантип баалашарын аныктоого кылган аракети берет. Студенттер менен окутуучулар автордун тапшырмасы боюнча аябай олуттуу түрдө төмөнкү маселени чечишет: келечектеги мугалимге эмнени билген маанилүү - «ой жүгүртүүнүбү» же «эстиби», «көңүл буруунубу» же «иш-аракеттиби?», «инсандыбы» же «инсан аралык мамилелердиби»? Маселени ушундай коюу мүмкүн болгону, аны тажрыйбанын катышуучулары кабыл алганы фактысынын өзү – болочок педагогдорго психологияны окутуунун жеткиликсиздигинин ынанымдуу далили. Алар үчүн психология курсу чындыгында бирдиктүү система эмес, өз ара көбүрөөк же азыраак байланышкан темалардын топтому катары көрүнөт.

Ички бүтүндүгү жок билим тез унутулат, эгерде эсте калса да кутүүсүздүктөрдөн, карама-каршылыктардан турган окутуучунун конкреттүү практикалык ишмердүүлүгүндө начар көмөк болот. Педагогикалык жогорку окуу жайлардын бүтүрүүчүлөрү психологиялык кубулуштарды классификациялоо сабактарынан өзгөчө пайданы көрүшпөйт, алардын 43 %ы жалпы психология боюнча алынган билимдерге канааттанышпайт, аларды өз ишинде колдонуу мүмкүнчүлүктөрүн көрүшпөйт [5;7].

Азыркыга чейин окуу китептеринин педагогикалык багытталгандыгы аларга ал же бул психикалык кубулушту онтогенезде ачуу камтылган параграфтарды киргизүүдөн, ошондой эле окутуу жана тарбиялоо аймагы менен байланышкан мисалдарды келтирүүдөн көрүнөт. Ар кандай башка окуу китептериндей эле, психология окуу китептеринде «илимий түшүнүктөрдүн белгилүү бир системасы камтылат. Эреже катары, алар аныктамаларда ачылышат жана өзүнчө мисалдар менен шөкөттөлүшөт. Көпчүлүк түшүнүктөрдүн маанисин болсо аңдоо-түшүнүү кыйын .Аракеттер программасы жок, ал же бул предметти үйрөнүүнүн максаттары койгон билимдерди көзөмөлдөө мүмкүн эмес: билүү – бул ошол билимдер менен бир нерсе кылууну дайыма билүү»). Бүгүн педагогикалык жогорку окуу жайдын студенти психологияны окуп-үйрөнүүдө өздөштүрүүсү керек болгон аракеттер программасы жаңы гана калыптанууда жана азырынча окуу китептеринин чегинен тышта кала берүүдө. Анын психологиялык даярдыгын текшерүүнүн негизги формасы сынакта окуу китебин кайра айтып берүү болууда. Бирок болочок мугалим үчүн психикалык кубулуштардын аныктамаларын билүү,алардын маанызду белгилерин ажыратуу жана алардын мыйзам ченемдүүлүктөрүн санап берүү ушунчалык эле маанилүүбү?

Окутуунун мазмуну менен аны өздөштүрүүнү уюштуруу ыктарынын ортосунда байланыш зарыл болгондуктан, психология курсунда үйрөнүлүүчү эмпирикалык материалга окутуунун пассивдүү методу ылайык келет. Мектептик жана жана жогорку окуу жайы үчүн окуу китептеринин ортосунда принципиалдуу айырманын жоктугу окуу процессин уюштурууда окшоштукка апкелет. Албетте. Кыргызстанда мектептерде психология предмети атайын стандарт менен окутулбайт, окуу китептери да жок. Акыркы жылдарда Кыргызстанда билим берүү тармагында жүрүп жаткан реформалардын талабына ылайык, психология предмети айрым гимназияларда, мектеп - лицейлерде тандоо курсу, предметтик кружоктор катары берилип келет. Биз анализ жүргүзгөн китептер Россиянын мектептери үчүн чыгарылган китептер. Мисалга алсак, профессор И.В.Дубровинанын редакциялоосу менен башталгыч класстын окуучулары үчүн чыккан «Психология» окуу китебин [Гардарика] биз айрым учурда жогорку окуу жайынын студенттерине окуу процессинде психологиялык түшүнүктөрдү өздөштүрүүсүндө колдонобуз. Анткени, Кыргызстанда жогорку окуу жайлар үчүн чыккан китептер психология предметин окутууга коюлган заманбап талаптарга жооп бербейт. Келечектеги адистерге учурдун талабына жооп берерлик билим берүү үчүн, өз эне тилиндеги окуу куралдарды камсыз кылуу зарылдыгы да келип чыгып олтурат. Бул багыттагы алгачкы жумуш З.Чотоев жана М.Абдулинага таандык. З.Чотоев 1950-жылдардын аралыгында белгилүү психолог Б.М.Тепловдун «Психология» аттуу китебин кыргызчага которгон. Азыр ал сейрек кездешүүчү китептердин арасына кирет. Ошол мезгилде кыргыз окурмандарына өз эне тилинде китеп тартуулоого аракет жасагандыгы үчүн З Чотоевдин эмгеги баалуу деп айтууга татыйт. Психология илимин кыргызча «сүйлөтүүгө» чоң салым кошкон алгачкы кыргыз психологдорунун бири Козубек Миңбаев. Козубек Миңбаев тарабынан 1992-жылы «Жалпы психология боюнча кыскача курс», ал эми 2000-жылы «Адам психологиясы» деген китептер жарык көргөн. К.Миңбаев тарабынан жаралган эмгектер жатык, кыргыз аудиториясына жеткиликтүү тилде жазылып, автор тарабынан кызыктуу психологиялык фактылар берилип, жогорку окуу жайлары үчүн окуу программасынын негизинде жатык тилде берилип, илимий деңгээлинин жеткиликтүүлүгү менен айырмаланып турат. 2001-жылы Г. Кудабаева тарабынан иштелип чыккан «Адам психологиясы» окуу куралы Жалпы психология программасынын негизинде түзүлгүн. Мында адамдын психасынын өсүп өнүгүүсү, инсандын иш-аракеттери, мамилелери, таануу жана эмоционалдык эрк процесстери, жекече психологиялык өзгөчөлүктөрү боюнча түшүнүктөрдүн илимий аныктамалары, бөлүнүштөрү жана негизги мыйзам ченемдүүлүктөрү каралган. Окуу куралында ар бир темадан кийин семинардык сабактардын темалары жана пландары берилген. Темаларда берилген түшүнүктөрдү өздөштүрүүгө, логикасын өздөштүрүүгө байланышкан суроолор, сунуш кылынган адабияттар тизмеги жок. Ошондуктан, студенттерге психологиялык түшүнүктөрдү өздөштүрүү процессин жакшыртуу максатында, ар түрдүү багытта түзүлгөн тапшырмаларды камтыган окуу куралдарын колдонууга туура келет. Ошол эле 2001- жылы А.Ы. Ысыкеев, Т.А.Коңурбаев тарабынан «Адам психологиясы» окуу куралы сырттан окуган студенттер үчүн иштелип чыккан. Бул китепти түзүүчүлөр «Адам психологиясы» боюнча түзүлгөн программаны негиз кылып алышкан, психикалык иш аракеттердин анатомо-физиологиялык негиздери берилген. Мектеп практикасына психология илиминин жетишкендиктерин кеңири колдонуу максатын көздөп, психологиялык изилдөө жүргүзүүнүн методологиялык принциптерине, методдорго жана методикасына көбүрөөк көңүл бурулган. Окуу куралын түзүүдө дүйнөлүк б.а. жакынкы жана алыскы чет өлкөлөр жана Кыргыз Республикасындагы психология илиминин ар түрдүү тармактары боюнча (айрыкча курактык жана педагогикалык психология боюнча) окуу - тарбия иштеринин эффективдүүлүгүн

жогорулатууну жана педагог-тарбиячы мугалимдерди даярдоодо жогорку профессионалдуулукту камсыз кылууга өбөлгө түзүүчү илимий табылгалар, жогорку педагогикалык окуу жайларда психология илимин окутууну өркүндөтүү боюнча тажрыйбалар кеңири колдонулган. Студенттердин ар бир тема боюнча алган билимдерин өздөрү текшере алсын үчүн акырында суроолор берилип, керектелүүчү адабияттар сунуш кылынган. Дагы бир өзгөчөлүктүү нерсе, бул окуу куралында психологиялык кубулуштарды кыргыз этносунда кандай түшүндүрүлүүгө тийиш деген суроолорго жооп берилген, окуу куралынын жазылуу стилистикасы да башка китептерге караганда жатык, жеткиликтүү тил менен берилген. Башка китептерге салыштармалуу, психология илими боюнча жазылган жакшы китеп болсо да бул эмгек Кыргыз Республикасындагы Жогорку кесиптик билим берүүнүн үчүнчү муундагы мамлекеттик стандарттары талап кылган бүтүрүүчүнүн компетенцияларын калыптандырууда жетишсиз. Китептин аягында тиркеме түрүндө, бир нече психологиялык түшүнүктөрдү өздөштүрүү боюнча лекциялык, семинардык сабактардын үлгүлөрүн, же россиялык, чет өлкөлүк психология окуу китептеринде берилгендей кылып тесттерди,түшүнүктөрдү өздөштүрүүгө багытталган психологиялык көнүгүүлөрдүн системасы берилсе абдан жакшы болмок. Бирок, айтылган сунуштарга карабастан, бул китептер психология илиминин кубулуштарын кыргыз тилине адаптациялаган алгачкы эмгектер болуп саналат.

Антсе да, психологияны окутууда, башка жогорку окуу жайында окутулган дисциплиналардай эле, материалды берүүнүн проблемалуулук принциби улам көбүрөөк колдонулууда, имитациялык психологиялык-педагогикалык оюндар, дискуссиялар аймагында, окутуунун интерактивдүү методдорун колдонууга кадамдар жасалууда. Бирок проблемалуулук принцибин удаалаштыкта жүзөгө ашыруу предметтин материалында проблемалардын, т.а. окуу тапшырмаларынын иерархиялык системасын түзүүнү талап кылат. Эмпирикалык материалды камтышкан окуу китептери мындай проблемаларды түзүүнүн негизи боло алышпайт. Психология боюнча окуу китеби студент менен мугалим үчүн башкы китеп болуп эсептелинүү менен бирге, ал баяндоодогу, предметти өздөштүрүүдөгү салттуу жүрүштөргө багыттайт. Окутуучулардын көпчүлүгү проблемалуу кырдаалдарга мисалдарды келтире алышпаганы же аларды туура эмес келтиришкени кокусунан эмес. Азыркыга чейин психологияны окутуунун проблемалуу ыктары, башка жогорку окуу жайынынын жана мектептик дисциплиналарды окутуу өңдүү эле, айрым бир билимдүүлүктүн резервине ээ, чыгармачылык изденүү менен иштешкен шыктуу педагогдордун үлүшү бойдон калууда жана бир гана алардын жеке демилгесине калтырылган.

Психология курсунун мазмуну, аны чечүүнү мугалимдин ой жүгүртүүсүнүн психологиялык маданиятын калыптандыруучу окуу-кесиптик тапшырмалар системасы катары да жайылтууга жол бербейт. Психология мугалимине методикалык сунуштарда окутуунун оюндук формалары үчүн көбүнчө колдо бар окуу китептеринин ошол эле негизги блокторунун аталыштарына ылайык келген жана алардын түзүлүшүн кайталаган темалар сунушталат: «Инсан», «Инсан жана ишмердүүлүк», «Жамаат жана инсан аралык мамилелер», «Инсандын таанып-билүүчүлүк процесстери», «Инсандын мүнөзү жана темпераменти». Иш жүзүндө оюндар адатта психологиялык-педагогикалык тапшырмаларды чечүүгө гана такалат. Бирок эң маанилүү маселе: системалуу теориялык билим калыптансын үчүн алар кантип тандалышы жана бириктирилиши керек? – ачык бойдон калат. Кандайдыр бир педагогикалык ишмердүүлүк катары оюндардын сценарийлерин иштеп чыгуу, түзүү моменти жалпы психологиялык билимдин абстракттуулугу менен психологиялык-педагогикалык билимдин конкреттүүлүгүнүн жана кесиптик ишмердүүлүктүн өтө конкреттүү кырдалдарынын ортосундагы карама-

каршылыкка ээ болушканы менен татаалдантылат.

Биздин оюбузча, окутуунун активдүү методдорунун психологиялык түшүнүктүөрдү өздөштүрүүдөгү, психологиялык билимди кеңейтүүдөөгү ролу, маанилилүүлүгү психологияны окутуунун салттуу мазмунунун ички каршылыгына туш болушканында. Бул методдор программанын жана окуу китебинин чегинен чыгышат.

Жогорку окуу жайдагы психология үчүн бул талаптарды канааттандыруунун оорчулугу бүгүн анын мазмунун өркүндөтүү планында турган негизги проблемаларды байкатат. Алардын ичинде психология курсун болочок кесипкөй-педагогдун теориялык ой жүгүртүүсүнүн пайдубалы катары куруу проблемасы – эң эле маанилүүлөрдүн бири.

***Адабияттар***


1. *Ганзен В.А.* Сисмтемные описания в психологии. - Л.:Изд-во Ленинградского университета. -1974
2. *Давыдов В.В.* Проблемы развиваюүего обучения.- М.: Педагогика,1986
3. *Давыдов В.В.* Виды обобүения и обучения.- М.:Педагогика, 1972
4. Логика и проблемы обучения / Под ред. Б.В. Бирюкова, В.Г.Фарбера. –М.,1977
5. *Лунков А.И.* Сравнительные оценки тематики курса «Обүая психология» студентами и преподавателями педагогических институтов.// Вопросы психологии- 1985, № 6.
6. *Клингберг Л.* Проблемы теории обучения / Пер. с нем. – М.: Педагогика,1984
7. *Талызина Н.Ф.* Управления процессом усвоения знаний, М.:Изд-во МГУ,1975.
8. *Шардаков М.Н.* Мышление школьника.- М.Учпедгиз,1963